өнүгүүсүнө шарт түзүлөт. Кол менен жасалган ар бир аракет — сүйлөөгө, ойлонууга жана өз оюн түшүндүрүүгө багытталган кадам болуп саналат.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, бала манжалары аркылуу дүйнөнү сезип үйрөнгөндө, анын мээси активдүү иштеп, тилдик борборлор менен кыймыл борборлору биргелешип өнүгөт. Ошондуктан, майда моториканы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү (боо байлоо, түймө тагуу, кум менен иштөө, сүрөт тартуу ж.б.) күнүмдүк окутуу жана тарбия процессине киргизүү — бул сүйлөөнү өнүктүрүүнүн эң натыйжалуу жолу болуп саналат.

Мындан тышкары, үй-бүлөдө жана бала бакчада баланын ар бир аракетин колдоо, ага ишеним берүү жана өз алдынча аракеттенүүсүнө шарт түзүү маанилүү. Үй шартындагы сенсордук жана оюндук көнүгүүлөр ата-эне менен бала ортосундагы эмоционалдык байланышты бекемдеп, тилдик активдүүлүктү күчөтөт.

Жыйынтыктап айтканда, майда моторика баланын сүйлөө речисинин өнүгүүсүнүн гана каражаты эмес, анын инсандык, интеллектуалдык жана социалдык калыптанышынын негизи болуп саналат. М.Монтессоринин системасында сунушталган принциптерди билим берүү жана үй-бүлөлүк тарбия процессине интеграциялоо — бүгүнкү күндүн балдарын чыгармачыл, ишенимдүү жана өз оюн эркин билдире алган инсан катары тарбиялоонун эң эффективдүү жолу болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар**

1. Абдрасулова, Г. Мектепке чейинки педагогика. — Бишкек: Кыргызстан, 2019. — 180 б.
2. Выготский, Л. С. Мышление и речь. — М.: Педагогика, 1984. — 320 с.
3. Закиров, А. Этнопсихологиялык көз караштан бала өнүгүүсү. — Ош, 2015. — 132 б.
4. Лурия, А. Р. Речь и мышление ребенка. — М.: Просвещение, 1970. — 214 с.
5. Монтессори, М. Помоги мне это сделать самому. — М.: Академкнига, 2012. — 256 с.
6. Осмоналиева, Т. Бала психологиясы жана өнүгүүсү. — Ош: Жаңы китеп, 2020. — 164 б.
7. Пиаже, Ж. Психология интеллекта. — М.: Академия, 2003. — 210 с.
8. https://chudo-chado.kg/methods/the-method-montessori/
9. https://interneturok.ru/blog/voprosy_psihologii/metodika-razvitiya-montessori
10. https://ky.healthy-food-near-me.com/methods-of-early-development-of-maria-montessori-from-6-months-to-6-years-v-dmitrieva/#Lets-get-acquainted-Maria-Montessori
11. Кадырова, Т. (2025). ЦЕЛИ И ЗАДАЧИ ПОДГОТОВКЕ ДОШКОЛЬНИКОВ К ОБУЧЕНИЮ В ШКОЛЕ. Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова, 1(1(25), 49–55. https://doi.org/10.56122/.v1i1(25).272
12. Айнагүл Кашыбаева, “Кутбилим” 13.05.2016.
13. 3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү «Балалык» программасы. – Б.: Аркус бас., 2017. – 352 б.

**УДК:373.3 37.43** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.458**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮДӨ МУЛЬТИМЕДИАЛЫК КАРАЖАТТАРЫН КОЛДОНУУ

Мурзакулова Чолпон Алимжановна улук окутуучу
магистрант Кудайкулова Акниет Капарбековна.
Ош мамлекеттик педагогикалык университети.
Ош шаары Кыргыз Республикасы
E-mail. colponmurzakulova876@ gmail.com

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ МУЛЬТИМЕДИЙНЫХ СРЕДСТВ В РАЗВИТИИ ХУДОЖЕСТВЕННО-ТВОРЧЕСКИХ СПОСОБНОСТЕЙ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

Мурзакулова Чолпон Алимжановна старший преподаватель
магистрант
Кудайкулова Акниет Капарбековна.
Ошского государственного педагогического университета.
Кыргызская республика город Ош.

**THE USE OF MULTIMEDIA TOOLS IN DEVELOPING ARTISTIC AND CREATIVE ABILITIES OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS**

Murzakulova Cholpon Alimzhanovna senior lecturer, of the departm and
Akniyet Kaparbekovna Kudaikulova Master’s Student
Osh State Pedagogical University
Kyrgyz Republic city of Osh.

**Аннотация**

Заманбап билим берүүнүн негизги милдеттеринин бири – башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылыгын өстүрүү жана өнүктүрүү болуп эсептелет. Бул куракта балдар ар нерсеге кызыгып, активдүү аракеттенишет. Ошондуктан алардын чыгармачылык потенциалын арттыруу, кызыгуусун бекемдөө жана туура багыт берүү абдан маанилүү.
Азыркы билим берүү процессинде мультимедиалык каражаттар башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылыгын өнүктүрүүнүн эң натыйжалуу каражаттарынын бири болуп саналат. Видео, аудио, интерактивдүү презентациялар, санариптик оюндар ж.б. технологиялар окуучулардын чыгармачылыгын өрчүтүүдө чоң роль ойнойт.
Мультимедианы колдонуу окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүдө жакшы натыйжа берип, окуу процессин кызыктуу, динамикалуу жана жеткиликтүү кылат. Бул макалада мультимедиалык каражаттарды колдонуу аркылуу окуучулардын чыгармачылыгын, сынчыл жана инновациялык ой жүгүртүүсүн өстүрүүнүн, ошондой эле сабактын натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдору жана мультимедиалык каражаттарды кандайча, кайсы учурларда колдоноору жөнүндө да кыскача каралат.

**Аннотация**

Одной из ключевых задач современного образования является развитие и стимулирование творческих способностей учащихся начальных классов. В этом возрасте дети отличаются любознательностью, активностью и стремлением к новому. Поэтому важно усиливать их творческий потенциал, укреплять интерес и направлять его в нужное русло. В современных условиях мультимедийные средства становятся одним из наиболее эффективных инструментов развития творческих способностей младших школьников. Видео, аудио, интерактивные презентации, цифровые игры и другие технологии играют значительную роль в формировании креативности учащихся.

Использование мультимедиа в образовательном процессе не только способствует развитию творческих способностей, но и делает обучение более увлекательным, динамичным и доступным. В статье рассматриваются возможности применения мультимедийных ресурсов для развития креативности, стимулирования критического и инновационного мышления, а также повышения эффективности учебных занятий. Также кратко рассматривается, как и в каких случаях могут использоваться мультимедийные средства.

**Annotation**

One of the key objectives of modern education is the development and stimulation of creativity among primary school students. At this stage, children are naturally curious, active, and eager to explore new things. Therefore, it is essential to enhance their creative potential, strengthen their interest, and provide proper guidance.
In contemporary education, multimedia tools serve as one of the most effective means of fostering creativity in young learners. Resources such as videos, audio materials, interactive presentations, digital games, and other technologies play a significant role in developing students’ creative abilities.
The use of multimedia in the educational process not only contributes to creativity but also makes learning more engaging, dynamic, and accessible. This article explores how multimedia resources

can be applied to enhance students’ creativity, stimulate critical and innovative thinking, and improve the overall effectiveness of teaching. It also briefly examines how and in which situations multimedia tools can be applied.

**Ачкыч сөздөр:** мультимедиа, чыгармачылык, башталгыч класс, видео, аудио, интерактивдүү презентация, санариптик оюндар, инновациялык ой жүгүртүү, эффективдүү окутуу.

**Ключевые слова:** мультимедиа, творчество, начальная школа, видео, аудио, интерактивная презентация, цифровые игры, инновационное мышление, эффективное обучение.

**Keywords:** multimedia, creativity, primary school, video, audio, interactive presentation, digital games, innovative thinking, effective teaching.

Учурда коомубуз өнүгүп, мамлекетибиз бир канча алдыга жылып, адамдардын түшүнүгү да алда канча алдыга жылган мезгилде коомдун өнүгүшү менен техника жана техникалык каражаттардын өнүгүшү закондуу көрүнүш экендиги баарыбызга белгилүү. Ал эми техниканын жана техникалык каражаттардын өтө тез өнүгүшүнүн натыйжасында коомубуз, жашообуз күндөн күнгө өнүгүп, ар тараптуу өсүүдө. Алсак билим берүү тармактары, искусство, медицина, айыл чарба жана башка, башка дээрлик бардык тармактар өтө тездикте өнүгүп өстү. Ар түрдүү ишканаларда, мекемелерде, окуу жайларда ал гана эмес башталгыч класстарды окутууда жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде да жаңы технологиялар иштелип чыгып, иштөөнүн жолдорун жеңилдетүүчү техникалык каражаттар пайда болду. Мындай техникалык каражаттарды пайдалануунун жана аткаруунун жолдору бир канча көбөйүп иштөөнүн жолдору да тездикте өнүктү. Техникалык каражаттардын өнүгүшүнүн бирден бир себеби жаңы технологиялар жана илимдердин интеграцияланышы, инсандын өзүн өзү өзү таанып билүүсү жана инновациялык билим берүүлөрдүн, жаңы усулдардын жыйынтыгы деп эсептеймин. Мындай учурда замандан артта калбай башталгыч класстын балдарына заманбап билим берүү жана алардын көрком чыгармачылыгын өнүктүрүүдө мультимедиялык каражаттарын колдонуу негизги рольду ойной баштады. Учурда билим берүү мекемелеринде башкача айтканда башталгыч класстардын чыгармачылык жөндөмдөрүн окутууда мультимедиалык каражаттарды пайдалануу жана жаңы технологияларды колдонуп билим берүүнү жакшыртуу жана жаңы ыкмаларын иштеп чыгуу мезгилдин талабы экендиги талашсыз. Башталгыч класстын балдарынын эске тутуулары жана активдүүлүгү курч мезгилде окутуунун талаптары да заманбап болушу керек.Кээ бир башталгыч класстарда балдардын чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүүдө да бул тенденциядан артта калбай тездикте өнүктүрүп келе жаткандарын байкоого болот. Ал эми кээ бир жерлерде мультимедиалык каражаттарсыз эле салттуу усулдар менен билим берип жаткандарды да турмушта кездештиребиз. Айрыкча алыскы айылдарда заманбап техникалардын жоктугунан улам ушундай көрүнүштөр болууда. Канткен күндө да “Заманаң ууру болсо ууру бол, бөрү болсо бөрү бол” дегендей замандан артта калбастан окуучулардын жана окутуучулар өзүбүз да өз билимибизди ар дайым өркүндөтүп турууну адат кылышыбыз керек . Антпесек азыркы учурдун балдары туулгандан эле телефон менен чоңоюшуп, чоңдорго караганда да телефонду жакшы өздөштүрүп жатышат. Мындай балдарга билим берүү жана алардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өстүрүүдө өтө чоң эмгекти жана билимди талап кылат. Андыктан талабы курч балдарга жакшы натыйжалуу билим берүүдө өзүбүз мугалимдер ар тараптан билимдерибизди өркүндөтүп турууга туура келип жатат. Өзүн-өзү өнүктүрүү багытындагы билим алуу, үйрөнүүнүн чеги жок. Адам баласынын өнүгүш-өсүшүндө кандайдыр бир баскычка жеткенге корстон болуп, өнүгүүнүн алдыга жылуусун токтотуп коюу деген түшүнүк болбошу керек. Мевлана жашоосунун көп бөлүгүн жаңы нерсени үйрөнүүгө, жакшылыкка умтулууга жумшаган. Ал “Ар бир устаттан же достон болобу бир нерсени үйрөнүүго умтулуңуз. Мындайда сиз бул дүйнөдөн башка дагы дүйнө бар экендигин, бул күндөн башка дагы бир күн бар экендигин билесиз..” дегендей мугалимдер өзүбүз да тынбай билим алууну, үйрөнүүнү токтотпошубуз керек. Учурда жаңы

техникалардын жана техникалык каражаттардын өтө тез өнүгүүсүнөн улам айрым техникалык каражаттарды үйрөнүп жетише албай жатканыбыз да сыр эмес. Ошондой эле окуучулардын да билимин, шыктарын, чыгармачылыктарын өстүрүүдө окутуунун заманбап мультимедиалык каражаттардын жардамы менен окутуп барсак жакшы жыйынтыктарды берет. Андыктан башталгыч класстын балдарына ар түрдүү оюндарды, жаңы нерселерди түзүп, видеолорду көрсөтүп сабактын эффективдүүлүгүн мүмкүн болушунча коозуп натыйжалуу кызыктуу кылып сабак өтүүбүз керек. Анткени азыркы учурдагы телефон менен чоңойгон балдардын талабы ушул. Башталгыч класстын балдары кыймылдуу, көп нерсени билгиси келген, чоңдорду туурагысы келген, көргөнүн жасап, кармап көргүсү келген, укканын кайталоого кызыккан, активдүү курактагы балдар болушат жана алардын кабыл алуулары, дүйнөгө болгон кызыгуулары активдүү болуп, бардык кубулуштарга кызыгышат. Мындай мезгилдеги балдардын чыгармачылык активдүүлүгүн андан бетер өөрчүтүп, өстүрүүдө акыл-эс, иш-аракетине көнүктүрүү үчүн сабакта чыгармачыл түрдө өз алдынчалуу иш – аракетке үйрөтүү керек. Мугалим тарабынан адегенде чыгармачылык менен аткарууга жол көрсөтүп,окуучулар мугалимдин жетекчилиги менен машыгат, окуучу бүгүн мугалимдин жетекчилиги менен жана мугалим менен бирдикте аткарган ишти эртен өз алдынча аткарат.

Демек, мугалимсиз окуучу өз алдынча иштей баштады дегендик-бул чыгармачыл иштин башталышы, ага жөндөмдүү экенине ишенүүнүн бир далили болуп калат. Элибизде бекеринен “Акыл жаштан, бала баштан” деп бекеринен айтпаса керек. Айрыкча башталгыч класстын балдарынын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүдө замандын талабы болгон мультимедиалык каражаттарды колдонуу мисалы: видео, аудио, интерактивдүү презентациялар, санариптик оюндар ж.б. технологияларды колдонуу окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүүдө жана алардын ой жүгүртүүлорүн ойлоп табуу, фантазияларын өстүрүүдө жакшы натыйжаларды берет. Балдардын чыгармачылыгынын өсүшүнө мультимедиалык жана инновациялык ыкмаларды ишке ашыруу –башталгыч класстардагы балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүүнун келечегин аныктоочу негизги факторлордун бири.

Мультимедиа –бул текст, графика, үн, видео жана анимацияны биргелештирип , маалыматты көрүү жана угуу аркылуу берүүчү технология. Мультимедиа окуучулардын түшүнүгүн жакшыртып кызыгуусун арттырат жана окуучунун чыгармачылык жөндөм-дөрүн, ой жүгүртүүсүн жана проблемаларды чечүү жөндөмдөрүн жогорулатат. [1]

Мультимедиа колдонуу окуучунун чыгармачылык жөндөмдөрүн, ой жүгүртүүсүн жана проблемаларды чечүү жөндөмдөрүн жогорулатат. Мисалы “Кыргызстан тоолу аймак” десек балдар тоолорду элестетет, сууларды элестетет.Ал эми ошол тоолор жөнүндо видеону көрсөтсөк жаш балдар үчүн дагы да кызыктуу ошол видеого музыка же үн кошсок андан да кызыктуу болуп балдар ошого салыштырмалуу же ошондой ой жүгүртүүлөрүн, чыгармачылыктарын, фантазияларын өстүрө алабыз.

Мультимедиа балдардын көрүү жана угуу сезимдерин башкача айтканда визуалдык жана аудиоалык кабыл алууларын өркүндөтөт. Ошону менен катар ой жүгүртүү, эс тутумдарын жакшыртат. Миң уккандан бир көргөн дегендей айрыкча башталгыч класстарга көргөзүү, уктуруу аркылуу чыгармачылыгын өркүндөтүүнү күчөтсөк болот. Мультимедиалык каражаттар балдардын жан дүйнөсүн кеңейтип окууга болгон кызыгуусун жана чыгармачылыгын арттырат.

Мисалы анимациялар аркылуу табигый кубулуштарды жакшыраак түшүнүүнү жаратат.Андан сырткары жомокторду анимациялоо же интерактивдүү окуу куралдар менен тааныштыруу балдардын ой жүгүртүүсүн кеңейтет жана өз алдынча ой жүгүртүүгө талдоого жардам берип балдардын кызыгуусун жана чыгармачылыгын өркүндөтөт. Башкача айтканда балдардын сюжетти өзүнчө толуктоосуна жардам берет. Башталгыч класстын балдары айрыкча көргөзмөлүү сабак болгондо жана да аларды балдардын түшүнүгү же балдардын көз карашына жакын болуусу жандуу реалдуу болуусу жаңы технологиялар менен болуусу талапка ылайыктуу жана оюн мүмкүн болушунча ар түрдүү бир бирине

окшошпогон тажатпаган болуусу керек. Учурдагы балдардын көз карашы тарбиясы мурунку заманга караганда бир канча башкача жеген тамактары жана ойногон оюндары көргөн телевизор дейбизби телефон дейбизби бир канча башкача. Мына ошондой заманбап балдарга заманбап тарбия берүү менен алардын чыгармачылыгын өркүндөтүүдө мультимедиалык каражаттар бизге жардамга келет. Мисалга балдарга видеоматериалдарды көрсөткөндөн кийин балдарга көргөнү жөнүндө суроолор берилет башкача айтканда ошол көргөн материалды эске тутуп айтып берет. Балдар көргөн жомокпу же кандайдыр бир материалдарды көрүп өз алдынча ойлонууга, талдоо жүргүзүүгө жана жыйынтык чыгарууга аракеттенишет жана ар түрдүү чыгармачылыктар пайда болот. Балдардын кызыгууларын мотивацияларын жогорулатат ошондой эле окуу процесси кызыктуу жана маанилүү болуп калат.Ой жүгүртүүнү жана жанталашууну өнүктүрөт. Балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүүдө мисалы ыр үйрөтүү-дө балдарга ыр менен биргеликте кыймылдарын ырдын маанисине жараша кандайдыр бир мультимедиаларды түзүү менен балдардын ырга болгон кызыгуусун эске тутуусун ырдын мүнөзүн түшүнүшүнө жакшы шарт түзүлөт жана ырдын түзүлүшүн таанып билишет, андагы ойду түшүнүшөт.Ал эми аңгемеде эмне ой айтылаарын аңдашат, каармандардын мүнөзүн алар аркылуу адамдардын ар түрдүү мүнөзүн , сапаттарын , оң –терс жооруктарын баамдашат. Элибиздин макал -лакаптарын андагы түз каймана айтылган ойлорду, алардын тарбиялык таасирин көрүү, угуу аркылуу талдашат Мына ошондой көргөзмөлүүлүк менен балдардын ой жүгүртүүлөрүн ички сезимдерин сынчыл жана инновациялык ой жүгүртүүлөрүн байытып, көркөм чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүшөт. Салттуу окутуу дейбиз салттуу окутууда деле убагында көргөзмөлүүлүктөр болуп окутуучулар көбүрөөк убактытты, эмгекти жумшашып көргөзмөлүүлүктү уюштурушуп сабак өтүп келишкен, бирок азыркыдай даяр технологиялардын жардамы аз болгон. Башкача айтканда мультимедиалык каражаттар түзүлгөн эмес педагогдор бере-йин деген ойлорун, билимдерин кагаз бетине түшүрүшүп, аны ар түдүү боектор менен боешуп, азыркыдай технология болбосо да балдардын чыгармачылык билимин өстүрүү максатында көргөзмөлүүлүктү уюштурушуп чоң эмгектерди жасап келишкен. Айрыкча башталгыч класстын мугалимдери балдардын чыгармачылыгын өстүрүүдө, көргөзмө-лөрдү жасоодо көбүрөөк эмгектерди жасашып, окуучуларга жакшы билимдерди берип келишкен. Ал эми азыркы учурдун балдары андан да күчтүү чыгармамачылыкты, эмгекти жана ал мезгилден да күчтүү көргөзмөлүүлүктү талап кылган мезгил болуп жатат. Мындай мезгилде мультимедиалык каражаттар миң уккандан бир көргөн артык дегендей балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүүдө жакшы жана жогорку натыйжаларды берүүдө.

Балдарга мисалы визуалдык материалдар башкача айтканда видеолорду көрсөткөндөн кийин балдарга көргөнү жөнүндө суроолор берилет. Балдар видеодогу окуяны кайра айтып бергенде өздөрүнүн чыгармачылыгы артып окуяны өзгөртүүлөрү аны көркөмдөөлөрү болушу мүмкүн же өзгөртүп жаратуулары балдардын көркөм чыгармачылыгын өркүндөтүүгө таасирин берет.

Ал эми аудио материалдар (жомоктор, музыка, ырлар) угулган ырларды кайталоодо же жаңы ыр чыгарууга, жомокторду угуу жана аларды кайталоодо да жакшы натыйжаларды берет. Балдарды мультимедиялык каражаттын жардамы менен ырдатуу аркылуу балдардын тилин жана дикциясын сүйлөө речин өнүктүрөбүз. Музыка уктуруу аудио материалдардын жардамы менен балдардын музыканын темпин жана мүнөзүн аныктоого жана талдоого ой жүгүртө алууга, элестетүүгө жардам берет.

Мультимедиялык каражаттар, цифралык технологиялар, геймификация, аралаш окутуу жана долбоордук иштер – булардын баары башталгыч класстын балдарыныын чыгармачылык өнүгүшүнө чоң салым кошууда жана инновациялардын жардамы менен жаңы деңгээлге көтөрүлүүдө.

Интерактивдүү оюндар жана приложениялар, сандык рисовалкалар (Paint, Tux Paint) – сүрөт тартууну үйрөтөт. Ал эми Lego Education, Minecraft сыяктуу программалар – логикалык жана креативдүү ой жүгүртүүнү өстүрөт. Текст жана сүрөттөр менен интерактивдүү тесттер түзүү, анимация аркылуу тарыхый окуяларды же табият феномендерин көрсөтүү балдардын

көркөм чыгармачылыгын өстүрүүдө чоң роль ойнойт.Дагы бир мисал үйрөтүлө турган ырлардыбы, кандайдыр бир жомоктубу уктуруп мүмкүн болсо ырдап жаткан персонаждарды кошо көрсөтүп ырдатсак балдардын аң сезимине, кабыл алуусуна, эске тутуусуна жакшы жардам берип, каармандардын мүнөзүн айырмалай алышат. Балдар даяр жасалган ырларды кайталашып, кыймылдарын көрсөтүшүп, өздөрүнүн изденүүчүлүк аракеттерине жол ачылат

Мультимедиа – балдардын дүйнөсүн ачуунун ачкычы, аны туура пайдалануу менен алардын чыгармачылык жана интеллектуалдык потенциалын толук ачууга болот. Алар окуучулардын табигый кызыкчылыгын ойготуу менен билим алууну натыйжалуу кылат.

Бүгүнкү күндө башталгыч билим берүү процессине төмөнкү инновациялык ыкмаларды киргизүүгө болот:

1. Проекттердин ыкмасы – балдарды чыгармачыл долбоорлорго тартуу, мисалы, музыкалык эртегилерди коюу, майрамдарда жана эртең мененки иш-чараларда ырларды аткаруу. Бул командалык духту жана өзүнө болгон ишенимди өнүктүрөт.
2. Интерактивдүү технологиялар – мультимедиалык презентациялар, анимациялык клиптер, караоке программалары жана музыкалык билим берүү оюндарын колдонуу. Мындай каражаттар балдарда кызыгууну пайда кылып, материалды жакшы түшүнүүгө өбөлгө түзөт.
3. Маалыматтык технологиялар – балдарга арналган музыкалык колдонмолор менен иштөө, өзүнүн ырдоо аткаруусун жазып алуу жана кийинчерээк угуу, билим берүү платформаларын колдонуу.
4. Оюн ыкмалары – музыкалык-дидактикалык оюндар аркылуу ыр үйрөтүү, бул балдардын көңүлүн жиберип, мотивациясын жогорулатат.

Мындай ыкмаларды колдонуу, үйрөтүү процессти кызыктуураак, эффективдүү кылууга мүмкүнчүлүк берет. Балалык курагында үйрөнүү оюн түрүндө, чыгармачылык жана активдүүлүк элементтери менен өтүшү өтө маанилүү.

Башталгыч класстарда баладардын чыгармачылыгын өстүрүү инновациялардын жардамы менен жаңы деңгээлге көтөрүлүүдө. Мисалы Цифралык технологиялар, геймификация, аралаш окутуу жана долбоордук иштер – булардын баары музыкалык педагогиканын өнүгүшүнө чоң салым кошууда. Мына ушундай жаңы технологиялар менен балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүүдө замандан артта калбай өсүү үчүн ар дайым мугалимдер изденип жана курстардан өтүп, окуп өз билимдерибизди өнүктүрүп туруубуз абзел.

Билим берүү процессинде интеграцияланган мультимедиа технологиялары билимдерди пассивдүү өздөштүрүүдөн активдүү , чыгармачыл иш аракеттерге өтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Алар балдарга өздөрүнүн сандык продуктыларын: презентациялар, коллаждар, жөнөкөй анимациялык роликтер, интерактивдүү окуяларды түзүү үчүн куралдарды сунуш кылат. Бул иш аракеттердин процессинде элестөө , образдуу жана логикалык ой жүгүртүү, өз алдынча маселелерди кою жана көндүмдөрү өнүгөт.

Мультимедиалык технологиялар окуучулардын кыялдануусун, фантазиясын жанга чыгармачылык ой жүгүртүүсүн активдештирет. Ар кандай долбоорлорду түзүү , презентацияларды даярдоо, мультимедиалык оюндарга катышуу аркылуу балдар өз алдынча ойлоп табууга жана жаңы нерселерди жаратууга үйрөнүшөт.

Бирок, мультимедианы сабакка айкалыштырууда педагогдун чоң роль ойной турганын унутпоо керек – технология гана эмес, балдар менен болгон байланыш жана чыгармачылык атмосфера негизги мааниге ээ.

**Адабияттар**

1) Н. В Гафурова Е. Ю Чурилова педагогическое применение мультимедиа средств част 1 Учебноое пособие –Красноярск, 2008.
2) Б. А Абдухамидова, С К Рысбаев, К. И. Ибраимова Адаий окуу 2-класс Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. Бишукек 2018ж.
3) Акматали Алимбеков Желаледдин Руми Мевлананын таалим-тарбия тууралуу көз караштары. “Улуу тоолор ” Бишкек -2020-ж.

4) Сулайман Рысбаев Деңгээлдик билим берүү технологиялары. Бишкек 2023-ж
5) Малахова Е. В Мультимедийные технологии как средство развития творческих способностей детей младшего школьного возраста Современные наукоемкие технологии 2016.-№4

**УДК 373.2.015.31:37.013.42(575.2)**

## 3–5 ЖАШТАГЫ БАЛДАРДЫН ТУРМУШТУК КӨНДҮМДӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАР (КЫРГЫЗСТАН ЖАНА ЧЕТ ӨЛКӨЛӨРДҮН МИСАЛЫНДА)

**Мамашерип кызы Нуриза**
**ORCID:0009-0006-8681-9288**
**Окутуучу,**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университет,**
**Ош шаары, Кыргызстан, Nurizam90@mail.ru**

## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ФОРМИРОВАНИЯ ЖИЗНЕННЫХ НАВЫКОВ У ДЕТЕЙ 3–5 ЛЕТ (НА ПРИМЕРЕ КЫРГЫЗСТАНА И ЗАРУБЕЖНЫХ СТРАН)

**Мамашерип кызы Нуриза**
**ORCID:0009-0006-8681-9288**
**Преподаватель,**
**Ошский государственный педагогический университет,**
**г. Ош, Кыргызстан, Nurizam90@mail.ru**

## PEDAGOGICAL CONDITIONS FOR DEVELOPING LIFE SKILLS IN CHILDREN AGED 3–5 (BASED ON THE EXPERIENCE OF KYRGYZSTAN AND FOREIGN COUNTRIES)

**Mamasheryp kyzy Nuriza**
**ORCID:0009-0006-8681-9288**
**Lecturer,**
**Osh State Pedagogical University,**
**Osh City, Kyrgyzstan Nurizam90@mail.ru**

**Аннотация**

Бул макалада 3–5 жаштагы балдардын турмуштук көндүмдөрүн калыптандыруудагы педагогика-лык шарттардын мазмуну жана өзгөчөлүктөрү каралат. Изилдөөдө баланын өз алдынча иш-аракетине, жоопкерчилигине жана социалдык адаптациясына өбөлгө түзүүчү шарттар талданган. Кыргызстандын мектепке чейинки билим берүү системасындагы учурдагы абал, көйгөйлөр жана чет өлкөлөрдүн — айрыкча Финляндия менен Япониянын — эффективдүү тажрыйбалары салыштыры-лып берилген. Макалада Л. С. Выготскийдин “жакынкы өнүгүү зонасы” теориясы негиз болуп, анын практика-лык колдонулушу кыргыз контекстинде түшүндүрүлгөн. Ошону менен катар, Reggio Emilia, Montessori жана STEM моделдеринин интеграциясы турмуштук көндүмдөрдү өнүктүрүүнүн заманбап ыкмалары катары көрсөтүлгөн. Жыйынтыгында, үй-бүлө, бала бакча жана коомдун бирдиктүү кызматташуусу баланын инсандык жана турмуштук даярдыгын камсыз кыла турган негизги фактор катары аныкталган.

**Ачкыч сөздөр:** турмуштук көндүмдөр, педагогикалык шарттар, мектепке чейинки билим берүү, өз алдынчалык, социалдык өнүгүү.

Аннотация